**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД**
**ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**
**ДЕПУТАТОВ**

**«18»-сентябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз XV сессия**

**ТОКТОМ №10 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Электр жабдууларды Көк-Арт райондук электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” мыйзамына ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 03.09.2025-жылдагы №01-18/5406 сандуу катынын негизинде, Жалал-Абад шаарынын мэри Э.Ормоковдун баяндамасын угуп, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин сессиясында талкуулап, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Т.Тайгараев атындагы муниципалдык аймактык башкармалыгына 2020-жылдагы жергиликтүү бюджеттин эсебинен алынган электр мамычаларына электр чубалгыларын тартуу үчүн №1-тиркемеге ылайык Көк-Арт райондук электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Электр жабдууларды Көк-Арт райондук электр тармактар ишканасынын балансына мыйзам чегинде өткөрүп берүү жагы Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Т.Тайгараев атындагы аймактык башкармалыгынын башчысына (Т.Джээнбеков) милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин курулуш, транспорт, коммуналдык чарба жана байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Болотов Н.Б.**

Жалал-Абад шаардык
депутаттар кеңешинин
18-сентябрь 2025-жылдагы
кезексиз XV сессиясынын
№10-токтомуна №1-тиркеме

**Көк-Арт райондук электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүлүп берилүүчү электр мамычаларынын саны**

| № | Дареги | Мамычалардын саны | Көчөнүн узундугу |
|---|---|---|---|
| 1. | Камандар айылы | | |
| | М.Молдобаев көчөсү | 13 даана; | 550 м |
| | Т.Сабиров көчөсү | 17 даана; | 750 м |
| | Т.Закирова көчөсү | 12 даана; | 500 м |
| | К.Маатжакыпов көчөсү | 14 даана; | 550 м |
| | Качкынчы-3 көчөсү | 8 даана. | 350 м |
| 2. | Кызыл-Суу 2 айылы | | |
| | К.Атикеев көчөсү | 8 даана; | 350 м |
| | И.Апышев көчөсү | 8 даана; | 350 м |
| | М.Курбанов көчөсү | 13 даана; | 520 м |
| | Дүйшөнбиев көчөсү | 14 даана. | 600 м |
| 3. | Качкынчы айылы | | |
| | К.Малабаев көчөсү | 15 даана; | 700 м |
| | А.Шайдуллаев көчөсү | 10 даана. | 500 м |

**Жооптуу катчы** **Осмонова Г.О.**